Тиркеме

**Театрлардын жана башка театралдык оюн-зоок ишканаларынын жана жамааттарынын эмгектин өзгөчө шарттары үчүн пенсияга укуктуу артисттеринин айрым категорияларынын тизмеги**

1. Сахнада чыгармачылык иш стажы 20 жылдан кем эмес болгон учурда эмгектин өзгөчө шарттары үчүн пенсияга төмөнкүлөр укуктуу:

1) балеттин артисттери;

2) кесиптик көркөм жамааттарда бий номерлерин аткаруучу артисттер;

3) мимика жана жаңсоо театрынын артисттери;

4) травести (балдардын, өспүрүмдөрдүн, кыздардын ролун аткарган артисттер).

2. Цирктердин жана концерттик уюмдардын артисттери:

1) цирк искусствосунун жанрларынын номерлерин аткарган, эмгектин өзгөчө шарттары үчүн пенсияга укуктуу гимнасттар, мотовелофигуристтер, эквилибристтер, тең салмактоочулар, акробаттар, чабандестер, жапайы жырткычтарды машыктыруучулар, күч жонглёрлору, маскарапоздор (килемчедеги), 50 жашка чыккан балбандар;

2) артист-вокалисттер (солисттер), хордун артисттери, опера жана балет театрларынын, музыкалык жана музыкалык-драмалык театрлардын, концерттик уюмдардын, телекөрсөтүү жана радиоуктуруулардын үйлөмө аспаптарында ойногон артисттер.